Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети

«Каралды»
Ош МПУнун окумуштуулар кенеши
Протокол №_____
«__»_____2021-жыл

«Бекитемин»
Ош МПУнун ректору, п.и.д.,профессор
_____Б. Б. Зулуев
«__»_____ 2021-жыл

Окуудагы жана эмгектеги ийгиликтери үчүн сыйлыкка көрсөтүү боюнча

ЖОБО

Ош-2021

Аталган Жобо окуудагы жана эмгектеги жетишкендиги үчүн сыйлоо боюнча А.Ж.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ички тартибин аныктайт.

1. Окуу жайда өзүнүн чын дили менен талыкпай эмгектенген кызматкерлерге төмөндөгүдөй сыйлыктар белгиленген:

а) Алкыш жарыялоо;

б) Сый акы берүү;

в) Ден соолукту чыңдоо, эс алуу үчүн жеңилдиктери каралган жолдомолор;

г) Баалуу белектер менен сыйлоо;

д) Ардак Грамота менен сыйлоо;

2. Коом жана мамлекет алдындагы сиңирген эмгеги үчүн окуу жайдын кызматкерлери КРнын сыйлоо жөнүндөгү мыйзамдарында белгиленген жана андан сырткаркы мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүлөт.

3. Окуу жайдын кызматкерлеринин эмгектерин баалоо жана аларга стимул берүү максатында өндүрүштүк системаны алга жылдыруу боюнча ЖОЖ кабыл алган Жобого ылайык окуу процессиндеги жетишкендиктери үчүн алдыңкы кызматкерлер сыйлоого көрсөтүлөт.

4. Кызматкерди сыйлоо боюнча чечимди окуу жайдын ректору ал кызматкер эмгектенген бөлүмдүн пикирин билүү, кесиптик кошундун тандоосун эске алуу менен кабыл алат жана сыйлыкка көрсөтүү боюнча буйрук чыгарылып, сыйлык кызматкерге салтанаттуу түрдө тапшырылат.

Акчалай түрүндөгү сыйлыктар окуу жайдын пландоо-финансылык кызматы же бухгалтериянын пикири менен кабыл алынат.
5. Сыйлоо категориясынын нормативдик эрежелерине ылайык келген маалыматтар кызматкердин эмгек китепчесине жазылат. Кызыктыруучу сый акы жана сыйлыктар эмгек китепчеге белгиленбейт.

6. Окуудагы мыкты жетишкендиги, окуу жайдын илимий-изилдөө жана коомдук иштерине активдүү катышкан студенттер, аспиранттар төмөндөгүдөй сыйлыктарга көрсөтүлөт:

а) Алкыш жарыялоо;

б) Грамота менен сыйлоо;

в) Баалуу белектер менен сыйлоо;

г) Сыйлык берүү;

д) Жогорулатылган стипендия;

7. Окуу жайдын алдыңкы студенттерин сыйлоо сыйлануучу студент окутан факультеттин деканынын, окуу бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин сунуштоосунун негизинде ректор буйрук чыгарат. Сыйлоо тууралуу маалымат факультеттин студентине (тайпага) билдирилет. Буйруктун көчүрмөсү студенттин өздүк делосунда сакталат.

8. Акчалай түрүндөгү сыйлыктар окуу жайдын пландоо-финансылык кызматы же бухгалтериянын пикири менен кабыл алынат;

9. Окуу жайда окуп, окуудагы ийгиликтери, илимий-изилдөө иштердеги жетишкендиктери менен айырмаланган студенттер энчилүү стипендияга, анын ичинде КРнын Президентинин жана КРнын өкмөтүнүн сыйлыктарына көрсөтүлөт.

10. Мамлекеттик анын ичинде компетенттик органдардын сыйлыктарына көрсөтүлгөн студенттердин талапкерлиги студенттик өзүн-өзү башкаруу органдарында талкуудан өтүп, сунушталууга тийиш.